**КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИНИН МИЛИЦИЯНЫН ГЕНЕРАЛ-МАЙОРУ Э.А. АЛИЕВ АТЫНДАГЫ АКАДЕМИЯСЫ**

Д 12.22.648 Диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
УДК 351/354(575.2)

**Турдубаев Алмаз Жолдошалиевич**

# МАМЛЕКЕТТИН ИЧКИ КООПСУЗДУГУН КАМСЫЗДОО БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЧКИ ИШТЕР ОРГАНДАРЫНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН УКУКТУК ЖАНА УЮШТУРУУЧУЛУК НЕГИЗДЕРИ

12.00.11 – сот бийлиги, прокурордук көзөмөл, укук коргоо ишмердүүлүгүн уюштуруу

Юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек-2022**

Диссертациялык иш Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин Жазык процесс, сот жана прокурордук ишмердүүлүк кафедрасында аткарылды.

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчи:** | **Керезбеков Канат Керезбекович,**<br>юридика илимдеринин доктору, профессор,<br>Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин ректору |
| **Расмий оппоненттер:** | **Тыныбеков Сериккали Тыныбекович,**<br>юридика илимдердин доктору, профессор,<br>аль-Фараби атындагы Казак улуттук университетинин, юридикалык факультетинин, жарандык укук жана жарандык процесси, эмгек укугу кафедрасынын башчысы<br>**Маматазизова Нурила Кубанычбекова,**<br>юридика илимдердин доктору, доцент,<br>Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин милициянын генерал-майору Э.А. Алиев атындагы Академиясынын административдик укук жана административдик ишмердүүлүк кафедрасынын башчысы |
| **Жетектөөчү уюм:** | Ош мамлекеттик университетинин юридикалык факультетинин мамлекет жана укук теориясы жана тарыхы кафедрасы, дареги: Ленин көч., 331, Ош шаары |

Илимий эмгекти коргоо 2022-жылдын «9» сентябрда саат 12.00 Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин жана Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин милициянын генерал-майору Э.А. Алиев атындагы академиясын алдында юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча түзүлгөн Д 12.22.648 диссертациялык кеңештин отурумунда корголот. Дареги: Бишкек шаары, Чүй пр., 180 а. конференц-зал (ауд. 412).

Диссертация менен Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин дареги: 720001, Бишкек шаары, Чүй пр., 180а жана Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Милициянын генерал-майору Э.А. Алиев атындагы академиясынын дареги: Бишкек шаары, Ч.Валиханов көч., 1а илимий китепканаларынан жана ошондой эле диссертациялык кенештин сайтынын таанышууга болот http://www.ksla.kg

Автореферат 2022-жылдын «8» августунда таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу**
**катчысы, ю.и.к.** **Анаркулова, Э.С.**

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2016-жылдын 18-июлдагы №161 «Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарынын тутумун реформалоо боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгы *[Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарынын системасын реформалоо боюнча чаралар жөнүндө [Электрондук ресурс]: Кыргыз Республикасынын Президентинин 2016-жылдын 18-июлундагы №161 Жарлыгы. // "TOKTOM Mamleket Pro" маалымат-укуктук системасы. – Жеткиликтүүлүк режими: http://www.toktom.kg/?comp=main&m_t=1. - Загл. экрандан]* бүтүндөй укук коргоо органдарынын системасын, анын ичинде ички иштер органдарында ири масштабдуу реформанын башталышын белгиледи. Бул реформа өлкөнү жана анын мамлекеттик башкаруусун модернизациялоодогу эң маанилүү кадам болуп калды. Жүргүзүлүп жаткан реформанын негизги максаты заманга ылайык жана натыйжалуу укук коргоо системасын түзүү болуп саналат, ал эми ички иштер органдарынын коомдук тартипти коргоо, жалпы жазык жана уюшкан кылмыштуулукка каршы күрөшүү түрүндөгү негизги максаттары өзгөрүүсүз калууда.

Кыргызстандын Коопсуздук кеңеши 2021-жылдын 26-ноябрында республиканын жаңы Улуттук коопсуздук концепциясын жактырды. Президент Садыр Жапаров аны ишке ашыруу коргонуу жөндөмдүүлүгүн, атаандаштык жөндөмдүүлүгүн чыңдоого жана эл аралык абройду жогорулатууга жардам берерин айтты. «Ишмердүүлүктүн бардык чөйрөлөрүндө инновациялык технологиялардын өтө тездик менен өнүгүшү, агрессиянын жана башка негативдүү факторлордун өсүшү жыл сайын, ай сайын жана күн сайын улуттук коопсуздукка жаңы чакырыктарды жана коркунучтарды жаратууда. Буга байланыштуу Концепция жана анын негизинде иштелип чыккан программалар жана доктриналар статикалык документ, же өзгөртүүгө мүмкүн болбогон догма болбошу керек", - деди президент *[https://rus.azattyk.org/a/31582305.html]*. Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан укук коргоо органдарынын алдына коюлган милдеттер, ошондой эле анын ишмердүүлүгүнүн багыттары ички иштер органдары үчүн да актуалдуу болгон, анткени кылмыштуулуктун жогорку деңгээли жана калктын социалдык-экономикалык абалындагы кескин айырмачылдыктар актуалдуу маселелер болуп саналат жана мамлекеттин ички коопсуздугуна коркунуч келтирет.

Ички органдар тарабынан мамлекеттин ички коопсуздугун камсыз кылуу проблемалары саясий, экономикалык, социалдык, мамлекеттик-укуктук реформалар, жарандык коомду, демократияны калыптандыруу проблемалары менен органикалык түрдө байланышкан, бул аларды Кыргыз

Республикасынын улуттук коопсуздугун камсыз кылуу концепциясынын контекстинде системалуу түшүнүүнү талап кылат.

Мындай шарттарда ички иштер органдарын башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу өзгөчө мааниге ээ жана ошого жараша Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары тарабынан ички коопсуздукту укуктук жана уюштуруучулук жактан камсыз кылуу маселелерине илимий мамиле кылуунун зарылдыгы жогорулайт.

Ички иштер органы сыяктуу татаал социалдык системаны башкаруу анын натыйжалуу иштеши баарыдан мурда алардын ички жеке уюштуруу деңгээлинен көз каранды болорун көрсөтүп турат.

Ушуга байланыштуу улуттук жана чет өлкөлүк тажрыйбаны сын көз караште түшүнүү менен ички коопсуздукту камсыз кылуу жаатында колдонулуп жаткан ата-мекендик мыйзамдардын ченемдерин андан ары өнүктүрүү боюнча милдеттер турат.

Бул изилдөөнүн максатка ылайыктуулугу ички коопсуздукту жана коомдук тартипти камсыз кылуу боюнча ички иштер органдарынын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн адекваттуу чараларды жана каражаттарды издөөдө мурда топтолгон тажрыйбаны билүү баа жеткис жардам бере ала тургандыгында, ошол эле учурда бул мурдагы кээ бир каталарды кайталабаганга шарт түзөт, ал эми илимий адабияттарды жана ченемдик укуктук актыларды изилдөө ички коопсуздукту жана коомдук тартипти камсыз кылуу боюнча укук коргоо системасынын негизги органдарынын бири катары ИИМдин ишмердүүлүгүнө объективдүү жана бирдиктүү талдоо жүргүзүүгө жол берет.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) жана негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Бул изилдөө Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин Жазык процесс, сот жана прокурордук ишмердүүлүк кафедрасынын илимий изилдөө планынын алкагында жүргүзүлдү.

**Изилдөөнүн максаттары жана милдеттери.** Бул диссертациялык изилдөөнүн **максаты** – Кыргыз Республикасында ички коопсуздукту камсыз кылуу боюнча ИИМдин ишмердүүлүгүн уюштуруу жана укуктук жөнгө салуу маселелерин комплекстүү талдоо жана ушул багытта Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын колдонуу менен натыйжалуулукту жогорулатууга багытталган сунуштарды иштеп чыгуу.

Бул максатка жетүү төмөнкү **милдеттерди** ишке ашыруу менен камсыз кылынат:

- улуттук коопсуздуктун ажырагыс бөлүгү катары коомдун ички коопсуздук маселесине болгон мамилеге системалуу талдоо жүргүзүү жана «ички коопсуздук» жана «коомдук тартип» түшүнүктөрүн карап чыгуу;

- мамлекеттин ички коопсуздугун камсыз кылуунун теориялык-укуктук негиздерин, принциптерин жана методдорун изилдөө;

- Кыргыз Республикасында ички коопсуздукту камсыз кылуунун субъектилеринин системасындагы ички иштер органдарынын ролун жана ордун аныктоо;

- мамлекеттин ички коопсуздугун камсыз кылуу боюнча Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары тарабынан башкаруу системасын уюштуруучулук-түзүмдүк түзүлүшүн карап чыгуу;

- мамлекеттин ички коопсуздугун камсыз кылуу боюнча Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн өз ара иш алып баруусун уюштуруунун мазмунун жана формаларын изилдөө;

- Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары тарабынан мамлекеттин ички коопсуздугун ченемдик-укуктук жактан камсыз кылууну өркүндөтүү жолдорун аныктоо;

- мамлекеттин ички коопсуздугун камсыз кылуу боюнча Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарын башкарууну уюштуруу процессин өркүндөтүү жолдорун аныктоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Диссертация биринчи жолу Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары тарабынан мамлекеттин ички коопсуздугун камсыз кылуунун маанилүү илимий маселесин комплекстүү изилдөөгө жана чечүүгө арналган монографиялык эмгек болуп саналат, анда:

а) диссертациялык изилдөө темасына байланышкан базалык түшүнүктөр иштелип чыкан жана такталган (коопсуздук, ички коопсуздук, улуттук коопсуздук, коомдук коопсуздук);

б) ички коопсуздукту камсыз кылуунун субъектилеринин системасындагы ички иштер органдарынын орду жана ролу, милиция кызматкерлери тарабынан коомдук туруктуулукту камсыз кылууга багытталган каражаттарды жана ыкмаларды натыйжалуу пайдалануу менен түздөн-түз байланышкан анын механизминин өзү ачылган;

в) мамлекеттин ички коопсуздугун жөнгө салуучу административдик-укуктук ченемдердин системасы талданган;

г) ички иштер органдарынын (милициянын) мамлекеттин ички коопсуздугун камсыз кылуу жаатындагы компетенцияларын ишке ашыруунун формалары катары укук колдонуунун мазмуну ачылган.

Жогоруда көрсөтүлгөн диссертациялык изилдөөнүн жаңычылдыгынын элементтери алар каралып жаткан чөйрөдөгү ички иштер органдарынын (милициянын) ишин уюштуруучулук-укуктук жөнгө салууга байланыштуу укук колдонуу ишин уюштуруу теориясын жана анын конкреттүү практикалык багытын өнүктүрүүгө белгилүү бир салым кошот деген тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет.

**Практикалык мааниси.** Изилдөөнүн жыйынтыктарынын практикалык мааниси андагы талдоо, жоболор, корутундулар жана сунуштар коомдун ички коопсуздугун камсыз кылуу проблемасына

теориялык мамилени андан ары изилдөө жана оңдоо үчүн да, ошондой эле ага карата криминалдык коркунучту жоюу боюнча практикалык сунуштарды ишке ашыруу үчүн да колдонулушу мүмкүн.

Диссертацияда камтылган жоболор мамлекеттик бийлик органдарынын, укук коргоо органдарынын жана мамлекеттик мекемелердин адистери тарабынан криминалдык коркунучтан мамлекеттин ички коопсуздугун камсыз кылуу жаатындагы чечимдерди ишке ашырууда, ошондой эле жогорку атайын окуу жайларында окуу-тарбиялык процесстин жүрүшүндө колдонулушу мүмкүн.

Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча төмөнкү жоболор коргоого сунушталат:

1. Мамлекеттин ички коопсуздугунун социалдык-укуктук феномениндин маңызы жөнүндө түйүндүү категориялары бар концептуалдык аппарат негизин түзгөн автордук концепция негизделген: «коопсуздук», «улуттук коопсуздук», «инсандын коопсуздугу», «коомдун коопсуздугу», «мамлекеттик коопсуздук», «ички коопсуздук», «коомдук коопсуздук», «улуттук кызыкчылык» ж.б. Азыркы шарттарда мамлекеттин ички коопсуздугуна таасир этүүчү факторлор, бул процесс баш ийип турган жалпы жана жеке мыйзам ченемдүүлүктөр, мамлекеттин ички коопсуздугунун учурдагы абалын диагностикалоо үчүн методологиялык куралдары, аны камсыз кылуунун принциптери жана методдору аныкталган.

2. Мамлекеттин ички коопсуздугун камсыз кылуу – бул нравалык-укуктук абалы таза коомду, жарандардын кол тийбестигин, алардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо боюнча бийликтин компетенттүү органдарынын коомчулук менен биргеликте, мыйзамда каралган тартиптин негизнидеги чаралардын системасын ишке ашыруу жолу менен аткарылуучу иш-аракети экендиги негизделет. Коомдук тартипти коргоо жана ички коопсуздукту камсыз кылуу социалдык жана мамлекеттик башкаруунун бирдиктүү системасынын салыштырмалуу өз алдынча элементтери жана түрлөрү болуп саналат.

Коомдук коопсуздук инсандын, коомдун жана мамлекеттин тышкы жана ички коркунучтардан корголгондугун билдирет. Ал инсандын, коомдун жана мамлекеттин коопсуздугун камтыйт. Инсандын коопсуздугу – бул анын өмүрүнүн, саламаттыгынын корголушу, мыйзамдуу укуктарын жана эркиндиктерин эркин пайдалануу; коомдун коопсуздугу – анын материалдык жана руханий баалуулуктарынын корголушу; мамлекеттик коопсуздук – бул анын иштешинин жана өнүгүшүнүн өз алдынча негиздери катары мамлекеттин конституциялык түзүлүшүнүн, эгемендигинин жана аймактык бүтүндүгүнүн корголушу.

3. Мамлекеттик механизм системасында жана аткаруу бийлик органдарынын системасында өздөрүнүн укуктук статусуна байланыштуу

ИИМдин органдары коомдук тартипти жана ички коопсуздукту камсыз кылууда негизги ролду ойной тургандыгы негизделет. Контролдук-көзөмөл жана контролдук-алдын алуучулук ыйгарым укуктар ИИМдин органдарынын коомдук тартипти коргоодо жана инсандын, коомдун жана мамлекеттин коопсуздугунун абалын түзүүдөгү компетенциясынын жана социалдык ролунун негизин түзөт.

4. Коомдук тартипти коргоодо жана ички коопсуздукту камсыз кылууда ИИМдин органдарынын социалдык ролу алардын иш-милдеттеринин ишке ашырыла тургандыгы негизделет, алар укук коргоо органдарынын иш-милдеттеринин тутумунда өзүнүн ордуна жана мүнөзүнө ылайык органдар үч негизги топко бөлүнөт: негизги, камсыз кылуучу иш-милдеттер жана жалпы жетекчилик иш-милдеттер. Негизги иш-милдеттерине төмөнкүлөр кирет: а) коомдук тартипти коргоо; б) кылмыштарга жана укук бузууларга бөгөт коюу жана алардын алдын алуу; в) юрисдикциялык ишмердүүлүк; камсыз кылуучу иш-милдеттерге – а) иш кагаздарын жүргүзүү; б) соода-тиричилик жана финансылык камсыздоо; в) медициналык камсыздоо ж.б.; жалпы жетекчилик иш-милдеттер – а) маалыматтык-аналитикалык иш; б) пландоо; в) башкаруу чечимдеринин долбоорлорун даярдоо; г) кабыл алынган чечимдин аткарылышын уюштуруу; д) контролдоо; ж) өз ара иш алып баруу жана координациялоо; з) тарбия иштери.

5. Ички коопсуздуктун ички иштер органдары тарабынан укуктун аткарылышынын формалары жана ыкмалары бөлүмдөрдүн уюштуруу түзүмү, бул ички иштер органдарынын ишинин мазмуну жана анын функциялары менен аныктала тургандыгы негизделет. Укук тартибин коргоо боюнча коомдук коопсуздук милициясынын ишинин мүнөзүнө жана укуктук натыйжаларына жараша коомдук коопсуздуктун ички иштер органдарынын аппараттарынын жана бөлүмдөрүнүн иш формаларынын эки негизги тобу бөлүнөт: а) түздөн-түз уюштуруучулук, укуктук мүнөздөгү жана юридикалык кесепеттерге алып келбеген; б) укуктук, жүрүм-турум эрежелерин белгилөөчү жана административдик-укуктук мамилелердин келип чыгышына, өзгөрүшүнө, токтотулушуна же айрым укуктук кесепеттерге алып келүүчү.

6. Мамлекеттин ички коопсуздугун камсыз кылууну уюштуруу бул ички иштер органдары, жарандар, коомдук бирикмелер, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан тартипти, коопсуздукту, жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарын кылмыштуу жана башка укукка каршы кол салуулардан максаттуу коргоого багытталган мыйзамга негизделген башкаруу иш-милдеттеринин комплексин ишке ашыруусу болуп санала тургандыгы негизделет. Мамлекеттин ички коопсуздугун уюштурууда ички иштер органдарынын негизги башкаруучу иш-милдеттери болуп аларды

маалыматтык-аналитикалык камсыздоо, бул органдардын системасын өнүктүрүүнү болжолдоо жана моделдөө, алардын ишин пландаштыруу, жетектөө, контролдоо жана координациялоо саналат.

7. ИИМдин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ортосундагы өз ара иш алып барууну уюштуруу анын мазмунунун жана формасынын диалектилик биримдиги болуп саналып, мында мазмун коомдук тартипти жана ички коопсуздукту камсыз кылуу жаатындагы алардын биргелешкен ишинин багыттарын (жолдорун), методдорун (ыкмаларын), формаларын (тактикасы) аныктоо жана ишке ашыруу болсо, ал эми формасы (формалары) – бул иштин тиешелүү ыкмаларын жана жолдорун иштеп чыгуу жана практикалык колдонуу экендиги негизделет. Практикада ИИМдин органдарынын өз ара иш алып баруусун уюштуруунун мазмуну жана формалары интеллектуалдык жана ыкчам ишмердүүлүктүн диалектилик өз ара байланышта болгон жана тышкы көрүнүшү боюнча дал келген элементтеринин бирдиктүү жана бөлүнгүс системасы катары көрүнөт, алардын ичинен эң маанилүүлөрү: коомдук тартиптин жана ички коопсуздуктун абалын түшүнүү жана баалоо; ошонун негизинде ыкчам кырдаалды жана күч менен каражаттардын реалдуу мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен коомдук тартипти коргоо субъектилеринин өз ара иш алып баруусу боюнча конкреттүү милдеттерди коюу; коомдук тартипти коргоодо макулдашылган иш-чараларды пландаштыруу; өз ара иш алып барууну катышуучуларына биргелешкен иштин ыкмаларын окутуу, даярдоо; эсепке алууну, талдоону, өткөрүлгөн иш-чараларга баа берүүнү жана текшерүү ишин камтып турган өз ара иш алып барууну аткарылышын контролдоо; өз ара иш алып барууну кошумча системаларын уюштурууга, күчтөрдү жана каражаттарды ыраатташтырууга зарыл оңдоолорду киргизүү жолу менен жөнгө салуу; өз ара иш алып баруучу күчтөр жана каражаттар менен маневрди ишке ашыруу, аларды түзүлгөн кырдаалдын талаптарына ылайык бөлүштүрүү жана кайра бөлүштүрүү.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Илимий-теориялык жана илимий-практикалык изилдөөлөрдүн жүрүшүндө алынган натыйжалар автордун жеке өзү тарабынан алынган жана чоң эмпирикалык жана ченемдик материалды изилдөөнү негиз кылган.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарын апробациялоо.** Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгы жана алардын негизинде чыгарылган корутундулар жана сунуштар Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин жазык-процесстик, сот жана прокурордук ишмердүүлүк кафедрасында талкуулоо процессинде апробациядан өттү. Диссертациянын негизги жоболору илимий-практикалык конференцияларда жана семинарларда баяндалган.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда толук чагылдырылышы.** Диссертациянын негизги илимий жыйынтыктары

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын Президиуму тарабынан бекитилген Рецензияланган илимий басылмалардын тизмесине кирген 10 илимий макалада жарыяланган.

**Диссертациянын структурасы.** Диссертациянын түзүлүшү изилдөөнүн максаты жана милдеттери менен аныкталат жана кириш сөздү, 7 бөлүмдөн турган үч главаны, корутундуларды жана пайдаланылган адабияттардын тизмесин камтыйт.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманын тандалышы, анын актуалдуулугу негизделип, максаттар жана милдеттер аныкталган, илимий жаңылыгы далилденет, изилдөөнүн практикалык мааниси белгиленип, коргоого сунушталган жоболор калыптандырылган жана изилдөөнүн жыйынтыктарын апробациялоонун формалары, диссертациянын жыйынтыктарынын басылмалардагы толуктугу жана диссертациянын түзүмү көрсөтүлөт.

Биринчи глава **«Мамлекеттин ички коопсуздугун изилдөөнүн теориялык-укуктук жана методологиялык негиздери»** деп аталып**,** эки бөлүмдөн турат.

Биринчи главанын ***«Мамлекеттин ички коопсуздугу социалдык-укуктук феномен катары»*** деген аталыштагы биринчи бөлүмүндө коомдук тартипти коргоо жана мамлекеттин ички коопсуздугун камсыз кылуу көйгөйлөрү ар дайым окумуштуулардын жана практиктердин көңүлүн буруп келгендиги белгиленген. укук бузууларга каршы күрөшүү, ички иштер органдарынын укук колдонуу ишмердүүлүгүнүн проблемалары боюнча С.С.Алексеев, И.И.Веремеенко, Д.Н.Бахрах, А.С.Дугенц, М.И.Еропкина, Б.М.Лазарев, В.П.Лозбяков, Ю.М.Козлов, А.П.Коренев, Л.Л.Попов, Н.Г.Салищева, М.С.Студеникин, А.В.Серегин, И.И.Сыдорук, Ф.Е.Колонтаевский, Г.А.Туманова, А.П.Шергин, А.Ю. Якимов жана башкалардын теориялык жана колдонмо изилдөөлөрү аларды иштеп чыгууда маанилүү орунду ээлейт.

Улуттук кызыкчылыктарга карата криминалдык коркунучту түшүнүүнүн концетуалдык жобосун иштеп чыгууда, аларды божомолдоодо, ошондой эле алардын алдын алуунун натыйжалуу каражаттарын жана ыкмаларын тандоодо укук таануу жаатындагы төмөнкү авторлордун теориялык изилдөөлөрү олуттуу мааниге ээ: Г.А Аванесов, Ю.Е. Аврутин, С.В. Бородин, А.Н. Волобуев, Л.Д. Глухман, К.К. Горяинов, А.И. Гуров, А.С. Емельянов, И.И. Карпец, Б.П. Кондратов, В.Н. Кудрявцев, Д.А. Ли, В.В. Лунеев, С.В. Максимов, Г.К. Мишин, Б.С. Овчинский жана башкалар.

Администрация жаатындагы илимпоздор тарабынан ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүнүн айрым багыттары иштелип чыккан (Х.А.

Андриашин, Р.И. Денисов, И.Ш. Киляшанов, М.Я. Масленников, Н.П. Мышляев, Л.И. Поспелова, А.С. Прудников, Ф.С. Разаренов ж.б.). Коомдук коопсуздукту камсыз кылуу боюнча ички иштер органдарынын ишин өркүндөтүү маселелерине А.М. Воронов, В.А. Пичугин, О.А. Федотова, Х. А. Юсупов ж.б. кайрылган.

Ички иштер органдарынын ишин уюштуруу маселелери М.Ю. Абдылдаев, А.Н. Адилов, Т.А. Асаналиев, С.И. Бегалиев, А.Г. Голыев, С.А. Давлатов, Т.А. Жалилов, К.Ж. Жетигенова, Т.К. Исманов, М.Т. Конгантиев, С.Н. Наматбаев ж.б. сыяктуу Кыргызстандын жана Борбордук Азия чөлкөмүндөгү башка КМШ өлкөлөрүнүн укук коргоо органдарынын окумуштууларынын жана практиктеринин эмгектеринде да каралган. Бирок азыркы шарттарда мамлекеттин ички коопсуздугун камсыз кылуу боюнча ички иштер органдарынын (милициянын) ишмердигинин укуктук жана уюштуруучулук негиздеринин көйгөйлөрү, колдонуудагы Ата Мекендик мыйзамдардагы өзгөртүүлөрдү эске алуу менен жана адамдын укуктарын жана эркиндиктерин коргоону артыкчылыктуу көз караштан алганда изилденбегендиги бул диссертациялык изилдөөнүн тандоосун жана багытын аныктаган.

Учурда «ички коопсуздук» түшүнүгү мыйзамда бекитилген эмес. Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 26-февралындагы №44 " Улуттук коопсуздук жөнүндө" Мыйзамында *[Улуттук коопсуздук жөнүндө [Текст]: 2003-жылдын 26-февралындагы №44 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы . (КР 2017-жылдын 1-декабрындагы №197 (2) Мыйзамынын редакциясына ылайык ) // Кыргыз Респ. Жогорку Кеңешинин Ведомосту., 2003, № 4, 196-бер.]* коопсуздуктун аныктамасы жок, бирок мыйзамдын жөнгө салуу предмети көрсөтүлгөн – «инсандын, коомдун жана мамлекеттин коопсуздугун камсыз кылуу, улуттук коопсуздук системасын жана анын иш милдеттерин аныктап турат, улуттук коопсуздукту камсыз кылган органдарды уюштуруунун жана каржылоонун, ошондой эле алардын ишинин мыйзамдуулугун контролдоо жана көзөмөлдөө тартибин белгилейт. Ошентип, бул жерде мыйзам чыгаруучу бул эки түшүнүктү бирдейликке алып келди. Муну «коопсуздук» термини жалпы маанисин жоготуп, укуктук жөнгө салуу «улуттук коопсуздук» деген жаңы түшүнүккө муктаж экендиги менен түшүндүрсө болот, анткени ал идеологияланбаган жана дисциплиналар аралык, тармактар аралык мүнөзгө ээ. Бул жагдай бул категорияга конкреттүү бир мамлекет тарабынан корголгон коопсуздуктун бардык түрлөрүн бириктирүүгө мүмкүндүк берет *[Глебов, И.Н. Правовые проблемы обеспечения национальной безопасности Российской федерации: Автореферат дис. ... докт. юрид. наук. [Текст] / И.Н. Глебов – М., 1999. – С. 12; Возженников, А.В. Парадигма национальной безопасности реформирующейся России: Монография. [Текст] / А.В. Возженников. – М., 2000. – С. 7, 10.].*

Ички коопсуздук – бул кеңири түшүнүк. Анын бир түрү болуп – жарандардын жашоосу жана ишмердиги, коомдун туруктуу өнүгүүсү үчүн жагымдуу жана коопсуз шарттар мүнөздүү болгон коомдук коопсуздук. Коомдук коопсуздуктун башкы элементи коомдук тартип болуп саналат. Бирок, юридикалык илимде бул категориялардын өз ара байланышы боюнча бирдиктүү пикир жок. Кээ бир авторлор коомдук коопсуздукту коомдук тартиптин түзүмдүк бөлүгү деп эсептешет *[Еропкин, М.И., Попов Л.Л. Административно-правовая охрана общественного порядка. [Текст] / М.И. Еропкин, Л.Л. Попов. – Л., 1974. – С. 18.]*, ал эми башкалары биринчи кубулуш кийинкиге караганда кеңири деген көз карашты карманышат *[Матышевский, П.С. Ответственность за преступления против общественной безопасности, общественного порядка и здоровья населения. [Текст] / П.С. Матышевский. – М., 1974. – С. 8-9.]*.

Коомдун ички коопсуздугун мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, коомдук уюмдар жана кыймылдар камсыз кылат.

Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийлик мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот органдарын камтыйт. Алардын ички коопсуздукту камсыз кылуу жаатындагы компетенциясын төмөндөгүдөй аныктоого болот: а) коомдук коопсуздукту камсыз кылуу маселелери боюнча мыйзамдык жана башка ченемдик актыларды иштеп чыгуу жана кабыл алуу (Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети); б) сот адилеттигин ишке ашыруу (сот органдары); в) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик коопсуздугун камсыз кылуу (УКМК); г) кылмыштуулукка каршы күрөш жүргүзүү (Кыргыз Республикасынын ИИМи); д) жазык-укуктук жазаларды аткаруу (Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ЖАКтын жазык-түзөтүү системасы); е) башка укук коргоо иш-чараларын жүргүзүү, коомдук тартипти камсыз кылуу (Кыргыз Республикасынын ИИМи).

Тарыхый да, теориялык жактан да ички коопсуздук түшүнүгүн талдоонун негизинде, автордун пикири боюнча, азыркы мыйзамдарда бул терминдерди колдонуу ылайыктуураак, аларды төмөнкүдөй түшүндүрөт: коомдук тартип – бул социалдык жана укуктук коомдук мамилелердин системасы, ал ченемдик талаптарды сактоонун натыйжасында пайда болгот жана өнүгөт; ал эми ички коопсуздук – бул мамлекеттик органдардын, коомдук уюмдардын жана жарандардын мамлекеттин тышкы кызыкчылыктарына тиешеси жок коркунучтарды болтурбоо жана бөгөт коюуга багытталган иш милдеттери.

Биринчи главанын ***«Мамлекеттин ички коопсуздугун камсыз кылуунун теориялык-укуктук негиздери, принциптери жана методдору»*** деген экинчи бөлүмүндө мамлекеттин ички коопсуздугун

камсыз кылуунун принциптеринин жана ыкмаларынын жалпы теориялык иштелмелери каралат.

Коомдун ички коопсуздугун камсыз кылуунун теориялык негиздерин изилдөө көрсөткөндөй, бул чөйрөдөгү ишмердүүлүк деги эле коопсуздук негизделген жоболор жана идеялар болуп эсептелген так аныкталган ***илимий принциптердин*** негизинде жүргүзүлүүгө тийиш.

Коомдун ички коопсуздугун камсыз кылуу принциптери тигил же бул түрдө өз ара байланышта болгон бүтүндөй бир системаны түзөт. Коопсуздукту камсыз кылуунун натыйжалуулугуна принциптердин бүтүндөй системасын жана алардын ар бирин өз-өзүнчө колдонуу менен гана жетишүүгө болот. Бул системадан тигил же бул принципти бөлүп алуу алардын ар биринин ролун конкреттүү аныктоого мүмкүндүк берет, бул алардын практикалык колдонулушун жеңилдетет.

Бул негизги идеяларды төмөнкүдөй классификациялоого болот: а) *социалдык-укуктук* жана б) ички коопсуздукту камсыз кылуунун *уюштуруу принциптери.* Алардын мындай бөлүнүшү, *биринчиден*, бардык мамлекеттерде саясий процесстерди башкаруунун социалдык, укуктук мүнөзгө ээ болушу менен аныкталат; *экинчиден,* социалдык, саясий, экономикалык, укуктук жана башка мамилелердин болушунун жана өнүгүшүнүн формасы катары кызмат кылган жана ошол эле учурда салыштырмалуу өз алдынчалыкка ээ болгон уюштуруу мамилелеринин болушу. Бул салыштырмалуу өз алдынчалык объективдүү уюштуруу мыйзам ченемдүүлүктөр менен шартталган. Башкаруунун уюштуруу принциптери ошол эле учурда социалдык-укуктук принциптерди мыкты уюштуруу учун колдонулат.

Социалдык-укуктук принциптердин арасынан, жалпы социалдык мүнөзгө ээ жана *коопсуздуктун деңгээлине жана коопсуздукту камсыз кылуучу тигил же бул субъекттин орун-жайына карабастан* ишке ашырылуучу принциптерди белгилеп кетүү зарыл. Принциптердин бул тобу коопсуздукту камсыз кылуунун негизги эрежелери болуп саналат. Аларга төмөнкүлөр кирет: *гуманизм, социалдык адилеттүүлүк, объективдүүлүк, конкреттүүлүк, натыйжалуулук, борборлоштуруунун жана борбордон ажыратуунун айкалышы, элдин колдоосуна жана ишенимине таянуу, ачык-айкындуулук менен кесиптик сырдын айкалышы.* Каралып жаткан принциптердин маңызы төмөнкүдөй.

*Ата Мекендик окумуштуулар, адатта, ички коопсуздукту камсыз кылуунун уюштуруучулук принциптерине төмөнкүлөрдү киргизишет: ишмилдеттерди жана ыйгарым укуктарды дифференциялоо жана фиксациялоо; компетенциясынын чегиндеги жоопкерчилик; сызыктуу принциптердин үстөмдүгүндө сызыктуу жана функциялык принциптердин айкалышы; бир кишилик башкаруу жана коллегиялуулуктун айкалышы жана башкалары.*

Коомдун ички коопсуздугун камсыз кылуу анын башка түрлөрү сыяктуу эле коопсуздуктун субъектисининин анын ишинин объектисине максаттуу таасир этүүсү аркылуу ишке ашырылат. Бул иш-аракет ар кандай жолдордун, каражаттардын жана ыкмалардын жардамы менен жүргүзүлөт, аларды *методдор деп атйбыз.*

Мамлекеттин ички коопсуздугун камсыз кылуу ыкмалары белгилүү бир спецификалык өзгөчөлүктөргө ээ, мисалы: коопсуздуктун абалына субъекттин башкаруучулук таасири; коопсуздук субъектисинин таасир тийгизген объект менен байланышын туюндуруу; коопсуздуктун субъекттеринин системаларында болуп жаткан процесстерди жана ыкмаларды тартипке келтирүүгө жана уюштурууга, алар аркылуу коопсуздук субъекттеринин биргелешкен ишинин жалпы максаттарына жетишүүгө болот. Методдор көбүнчө альтернативалуу жана даректүү мүнөзгө ээ болуп, мамлекеттин коомдук кызыкчылыгы жана эрки чагылдырылган коопсуздук чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын натыйжалуу куралы болуп саналат.

Коомдун ички коопсуздугун камсыз кылуу процесси татаал жана көп кырдуу болгондуктан, аны камсыз кылуунун көптөгөн методдору бар экендиги да аныкталган. Бизге методдордун ар түрдүүлүгү жана көптүгү бири-бирин жокко чыгарбайт, тескерисинче, бири-бирин толуктап тургандай көрүнөт, анткени алардын ар бири коопсуздукту камсыз кылуунун максаттарын жана милдеттерин ишке ашыруунун жекече жолу менен мүнөздөлөт.

Коомдук коопсуздукту камсыз кылуунун эң таасирдүү жана *универсалдуу методдору* – ***ынандыруу*** *жана* ***мажбурлоо болуп саналат.***

Коопсуздукту камсыздоонун максаттарына жана милдеттерине ылайык келген аң-сезимди стимулдаштырууга, чындоого жана өнүктүрүүгө багытталган коопсуздук субъектисинин адамдардын эркине жана жүрүм-турумуна моралдык, психологиялык, материалдык таасири жана бул чөйрөдө туура жүрүм-турумду стимулдаштыруу негизин жана ***ынандыруу методунун*** **маңызын** түзөт**.** Мындай таасир туура эмес көз караштарды, жүрүм-турумду өзгөртүүнү жана коомдун укуктук жана моралдык талаптарына туура келген инсандык сапаттарды калыптандырууну максат кылат.

Ындыруу дайыма эле жетиштүү натыйжалуу таасир берүүчү каражат болбогондуктан, эгерде коомдук коопсуздукту камсыз кылуу зарыл болсо, коопсуздук чөйрөсүндөгү коомдук мамилелерге зарыл болгон чаралардын комплекси колдонулат.

Кеп, **коопсуздукту камсыз кылуу методу** катары ***мажбурлоонун мааниси*** толугу менен адамдын аң-сезимине жана жүрүм-турумуна психикалык, материалдык же физикалык таасир көрсөтүүдө болуп саналат. Коомдук коопсуздукту камсыз кылуу, ошондой эле башка иш-милдеттерди

аткаруу менен анын субъектилери бул чөйрөдөгү мамилелердин катышуучуларына алардын аткарылышы кепилденген коопсуздукту камсыз кылууга байланышкан талаптарды коюуга укуктуу, ал эми зарыл болгон учурда мажбурлоону колдонуу менен камсыз кылынат.

Ындыруу жана мажбурлоо методдору универсалдуу болгондуктан, ар кандай жолдор менен чагылдырылат, бул ички коопсуздукту камсыз кылуунун конкреттүү жолдорун көрсөтүүгө негиз берет. Буларга ***административдик, укуктук, экономикалык, социалдык-психологиялык,*** ошондой эле ***социалдык башкаруунун комплекстүү методдору*** кирет.

Коомдук коопсуздукту камсыз кылуунун эң маанилүү универсалдуу методдору болуп ынандыруу жана мажбурлоо, ошондой эле социалдык башкаруунун конкреттүү административдик, укуктук, экономикалык, социалдык-психологиялык жана **социалдык башкаруунун комплекстүү методдору** саналат.

Бул ыкмаларды колдонуу, эгерде алар коомдун ички коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндө болуп жаткан өнүгүү процесстерин эске алуу менен колдонулса, натыйжалуу болот.

**«Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары тарабынан мамлекеттин ички коопсуздугун камсыз кылуунун уюштуруучулук-укуктук формалары»** деген экинчи глава үч бөлүмдөн турат.

Экинчи главанын биринчи ***«Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын укук коргоонун жана мамлекеттин ички коопсуздугунун мамлекеттик тутумундагы орду жана ролу»*** бөлүмүндө изденүүчү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарынын системасындагы ички иштер органдарынын укуктук статусу, биринчи кезекте, алардын милдеттерин туура аныктоо, структурасын өркүндөтүү, башка мамлекеттик органдар менен ишин координациялоо үчүн чоң теориялык жана практикалык мааниге ээ экендигин белгилейт.

Кыргыз Республикасынын *Ички иштер министрлиги (КР ИИМ)* өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо, укук тартибин коргоо, коомдук коопсуздукту камсыз кылуу жаатында мамлекеттик башкарууну жүзөгө ашыруучу аткаруу бийлигинин органы болуп саналат. КРдын «Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары жөнүндө» Мыйзамынын 1-беренесине *[Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары жөнүндө[Текст]: Кырг. Респ. 1994-жылдын 1-январындагы № 1360-XII Мыйзамы (Кырг. Респ. 2017-жылдын 27-апрелиндеги № 64 Мыйзамынын редакциясында) // Ведомости Жогорку Кенеша Кырг. Респ., 1994 г., № 3, ст.76.]* ылайык, Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары – коомдук тартипти, инсандын жана коомдун коопсуздугун камсыздоо жана кылмыштуулукка каршы күрөшүү боюнча аткаруучу-тескөөчү милдеттерди жүзөгө ашыруучу мамлекеттик куралдуу укук коргоо органы.

Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлиги, ага баш ийген облустардын жана Бишкек жана Ош шаарларынын ички иштер башкармалары, ички иштер органдарынын транспорттук кичи бөлүмдөрү, шаардык, райондук, шаарлардагы райондук, айылдык кичи бөлүмдөрү, ошондой эле өзгөчө жана режимдүү объектилердеги кичи бөлүмдөрү, окуу жайлары, мекемелери, уюмдары Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын бирдиктүү системасын түзөт.

«Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинде ички иштер органдары коомдук тартипти, инсандын жана коомдун коопсуздугун камсыз кылуу жана кылмыштуулук менен күрөшүү боюнча аткаруу жана башкаруу функцияларын жүзөгө ашыруучу мамлекеттик куралдуу укук коргоо органы катары аныкталган.

Андан ары, ушул берененин 2-пунктунда Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлиги, ага баш ийген облустардын жана Бишкек жана Ош шаарларынын ички иштер башкармалары, ички иштер органдарынын транспорттук кичи бөлүмдөрү, шаардык, райондук, шаарлардагы райондук, айылдык кичи бөлүмдөрү, ошондой эле өзгөчө жана режимдүү объектилердеги кичи бөлүмдөрү, окуу жайлары, мекемелери, уюмдары жана Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Ички аскерлери Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын бирдиктүү системасын түзгөндүгү белгиленген.

Бул иерархияда өзөктүү орунду шаардык жана райондук ички иштер органдары ээлейт, алар өздөрүнүн иштөө чөйрөсүндө кылмыштуулукка каршы күрөштү, коомдук тартипти коргоону жана коомдук коопсуздукту камсыз кылууну түздөн-түз жүзөгө ашырышат.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын максаттары, милдеттери жана функциялары, алардын түзүмү, тиешелүү кызмат адамдарынын функционалдык милдеттери, каражаттары, ошондой эле бул функцияларды ишке ашыруунун ыкмалары Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары жөнүндө» Мыйзамында, Кыргыз Республикасынын ИИМ жөнүндө Жобосунда, түзүмдүк бөлүмдөрдүн тийиштүү жоболору, жазык-процессуалдык, административдик укук ченемдери менен бекитилген.

Экинчи главанын ***«Мамлекеттин ички коопсуздугун камсыз кылуу үчүн Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын башкаруу системасын уюштуруу-түзүмдүк куруу»*** экинчи бөлүгүндө башкаруу системасын түзүмдүк курууну алдын ала аныктоочу негизги факторлор төмөнкүлөр экендиги белгиленди: система тарабынан аткарылуучу тышкы жана ички башкаруу функцияларынын мүнөзү; Кыргыз Республикасынын унитардык түзүлүшүн чагылдырган биздин өлкөнүн мамлекеттик органдарын куруунун аймактык-тармактык принциби.

Системалык көз караштан алганда мамлекеттин коргоо функцияларын аткарган өлкөнүн ички иштер органдарынын системасына кирген кызматтардын жана бөлүмдөрдүн бүтүндөй комплексин эки аспектиде кароого болот. Биринчиси, системанын горизонталдуу кесилишин чагылдырып, анын функционалдык структурасын көрсөтөт жана ошону менен башкаруу системасынын мазмунун аныктайт, ал эми экинчиси системанын вертикалдуу кесилиши болуп, анын уюштуруу структурасын жана иерархиясын, б.а. анын формасын ачып берет.

Анын функциялык түзүмүн ачып берген ички иштер органдар системасынын тике кесилиши бөлүмдөрдүн үч тобу менен көрсөтүлөт.

- тармактык бөлүмдөр - ички иштер органдарынын системасынын тышкы башкаруу чөйрөсүндөгү негизги функцияларын (коомдук тартипти коргоо, кылмыштарга бөгөт коюу жана ачуу, кылмыштарды иликтөө ж.б.у.с.) аткаруучу. Булар кылмыш иликтөө бөлүмүнүн жана башка оперативдүү кызматтар бөлүмдөрү (коррупцияга каршы күрөшүү боюнча тогузунчу бөлүмдөр ж.б.), тергөө бөлүмдөрү жана коомдук коопсуздукту жана коомдук тартипти камсыздоо боюнча бөлүмдөр (коомдук тартипти сактоо бөлүмдөрү, кайгуул-күзөт кызматтары) ж.б.;
- функциялык бөлүмдөр – ар бири ишмердигинин багыты боюнча тармактык жана башка функциялык кызматтарды кадрлар, каржылоо, материалдык-техникалык жана аскер жабдуулары менен камсыздоочу ж.б. Булар кадр бөлүмдөрү, тылдагы, материалдык-техникалык жана аскер жабдуулар аппараты ж.б.;
- штаб бөлүмдөрү жана орган жетекчилиги – ыкчам кырдаалдын өзгөрүшүнө үзгүлтүксүз көз салуу жана реакция кылууну, тейленип жаткан аймактын криминогендик кырдаалына комплекстүү анализди жана божомолдоону, кылмыштуулук менен күрөшүүнүн жана коомдук тартипти сактоонун жалпы системалык, тармак аралык жана аймактык милдеттерин ишке ашырууда кызматтардын жана бөлүмдөрдүн өз ара иштөөсүн жана координациясын уюштурууну, тынчтык жана согуш мезгилинде, өзгөчө кырдаалдарда милдеттерди аткарууга ИИБдин кызматтык ишмердигин, кызматтык-согуштук жана мобилизациялык даярдыгын мерчемдөөнү, ошондой эле ИИБдин ишмердигинин уюштуруу-штаттык жана укуктук камсыздалышын ж.б. камсыздоочу.

Ошентип, мамлекеттин ички коопсуздугун камсыз кылуу боюнча ички иштер органдарынын функциялык түзүмү аларга жүктөлгөн жана алар тарабынан аткарылуучу башкаруу системасынын функциялары менен аныкталат деген тыянак чыгарылат. Функциялануу чөйрөсүнүн спецификалык шарттары структурага белгилүү таасир берет (тейленип жаткан аймактын географиялык, саясий, социалдык-экономикалык жана демографиялык мүнөздөмөлөрү, укук тартибинин абалы жана башка факторлор).

*ИИМдин уюштуруу түзүмү* деп ИИМге жүктөлгөн милдеттерди, функцияларды жана иш багытын бөлүштүрүүгө негизделген, ИИМди түзгөн элементтердин (дифференциялоо) алардын өз ара жайгашуусу жана тартибине ылайык биримдигин жана бүтүндүгүн камсыз кылуучу бөлүмдөрдүн жана кызматтардын жыйындысы түшүндүрүлөт.

